**Кыргыз Республикасынын Президентинин “Виртуалдык активдер чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуунун айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгынын долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максат жана милдет

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Виртуалдык активдер чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуунун айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгынын долбоору Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 19-январындагы “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын (мындан ары – Мыйзам) ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

Мыйзамды аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 28-майындагы Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик (мындан ары – ВАУА) түзүлгөн, ал виртуалдык активдер чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Мыйзам ВАУА менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын ортосундагы ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрөт, мамлекеттик органдардын компетенциясын, виртуалдык активдер рыногунун катышуучуларынын укуктук статусун тактайт жана мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы институттарын киргизет.

Мыйзамдын жоболорун иш жүзүндө ишке ашыруу максатында колдонуудагы мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды анын талаптарына ылайык келтирүү, ошондой эле виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү иштин айрым багыттарын жөнгө салуучу жаңы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу зарылдыгы келип чыкты.

**Жарлыктын долбоору менен төмөнкү тиркемелерди бекитүү сунушталат:**

- Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу жөнүндө жобо;
- Виртуалдык активдердин тооругунун операторунун (криптобиржанын)ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасында стейблкоиндердин эмиссиясы (чыгарылышы) жана жүгүртүлүшү жөнүндө жобо;
- Реалдуу активдер менен камсыздалган токендерди (RWA токендерин) эмиссиялоо (чыгаруу) жана жүгүртүү жөнүндө жобо;
- Виртуалдык активдердин субъекттерине, алардын уюштуруучуларына жана кызмат адамдарына колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө жобо;

- Кыргыз Республикасында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү жана технологияларды ишке киргизүү менен байланышкан виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү атайын жөнгө салуу режими (жөнгө салуучу пилоттук чөйрө) жөнүндө жобо;

- Каттоо жана иштетүү боюнча иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн күбөлүк берүү тартиби.

Аталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу мыйзамдын жоболорун ишке ашырууну камсыз кылууга жана виртуалдык активдер рыногун мыйзам алдындагы жөнгө салуунун бүтүндөй системасын түзүүгө мүмкүндүк берет.

## 2. Баяндоочу бөлүк

Жарлыктын долбоору виртуалдык активдер рыногун мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртуу жана мыйзамдын жаңы жоболорун ишке ашырууну камсыз кылууга багытталган.

Долбоордо виртуалдык активдер рыногунун субъекттерин лицензиялоонун, виртуалдык активдердин айрым түрлөрүн чыгаруунун, майнерлердин ишмердигин каттоонун, мамлекеттик таасир этүү чараларын колдонуунун, ошондой эле атайын жөнгө салуу режиминин иштөөсүнүн тартибин аныктаган мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылардын комплексин бекитүү сунушталат.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорун жана виртуалдык активдердин тооругунун операторлорун лицензиялоо жөнүндө жоболордо лицензиялык талаптар, лицензияларды берүүнүн, токтото туруунун, кайра жаңыртуунун жана колдонулушун токтотуунун тартиби, уюштуруучуларга, жетекчилерге жана кызмат адамдарына карата талаптар, ошондой эле кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик ишти каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоо боюнча талаптар белгиленет.

Стейблкоиндердин эмиссиясы жөнүндө жобо камсыз кылынган виртуалдык активдердин чыгарылышына жана жүгүртүлүшүнө карата талаптарды, анын ичинде резервдик камсыздоонун милдеттүүлүгүн, резервдерди сактоо тартибин, алардын аудитине, маалыматты ачыкка чыгарууга жана заманбап технологиялык чечимдер аркылуу камсыздоонун жетиштүүлүгүнө дайыма мониторинг жүргүзүүгө талаптарды аныктайт. Ошол эле учурда белгиленген чектөөлөрдү сактоо менен резервдик активдердин бөлүгүн өтүмдүүлүгү жогору финансылык инструменттерге жайгаштыруу мүмкүндүгү каралууда.

RWA-токендерди чыгаруу жөнүндө жобо реалдуу активдер менен камсыз кылынган токендерди чыгарууну жөнгө салат, базалык активдерге, аларды баалоого, ачыкка чыгарууга жана токендердин ээлеринин укуктарын коргоого талаптарды аныктайт.

Майнингди каттоонун тартиби субъекттерди каттоого, отчет берүүгө, каржылоо булактары жана энергияны керектөө жөнүндө маалыматты ачууга

карата талаптарды, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракеттенүү тартибин белгилейт.

Таасир этүү чаралары жөнүндө жобо виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөргө, алардын уюштуруучуларына жана кызмат адамдарына карата таасир этүү чараларын колдонуунун негиздерин, түрлөрүн жана тартибин, анын ичинде алардын укуктарын сактоо кепилдиктерин аныктайт.

Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө жобо виртуалдык активдер чөйрөсүндө инновациялык долбоорлорду апробациялоо үчүн жөнгө салуучу пилоттук чөйрөнү түзүү жана иштетүү тартибин белгилейт. Ошол эле учурда КИК/ККЛК, кардарларды идентификациялоо жол-жоболору (KYC), операциялардын мониторинги (KYT) жана маалыматтык коопсуздук талаптары чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын милдеттүү түрдө сактоо каралууда. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан атайын жөнгө салуу режиминин алкагында ишке ашырылуучу долбоорлорду көзөмөлдүк коштоо үчүн акы белгилөө мүмкүндүгү каралууда.

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууда кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик ишти каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары, ошондой эле ФАТФтын эл аралык стандарттары эске алынган. Долбоорлор тобокелдикке багытталган мамилени, кардарларды идентификациялоо жана верификациялоо жол-жоболорун (KYC), операциялардын мониторингин (KYT), ички контролдоо механизмдерин жана башка комплаенс-жол-жоболорду колдонууну караштырат.

Жарлыктын долбоорун кабыл алуу виртуалдык активдер чөйрөсүндө мыйзамдардын бир түрдүү колдонулушун камсыздоого, укуктук аныктыктын деңгээлин жогорулатууга, инновациялык финансылык технологияларды өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана мамлекеттин, инвесторлордун жана рыноктун башка катышуучуларынын кызыкчылыктарын коргоонун зарыл деңгээлин камсыздоого мүмкүндүк берет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

Жарлыктын долбоору виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүндөгү адистердин жана эксперттердин катышуусу менен даярдалган.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Жарлыктын долбоору коомдук талкуулоо жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук

актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылган.

Жарлыктын долбоору 2026-жылдын 19-январындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу үчүн иштелип чыккан жана мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды мыйзамдарга ылайык келтирүүгө багытталгандыктан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы №444 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирине талдоо жүргүзүүнүн Методикасынын 4-пунктунун 4-пунктчасына ылайык жөнгө салуучу таасирди талдоо талап кылынбайт. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбооруна ылайык жоболор күчүнө киргенге чейин лицензия/уруксат алган виртуалдык активдердин субъекттери үчүн кызмат адамдарынын түзүмүн келтирүү үчүн узактыгы 6 (алты) ай болгон өткөөл мезгил белгиленет.

### 4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат

Жарлыктын долбоору виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүндөгү эксперттер менен алдын ала талкууланган.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык “Виртуалдык активдер чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуунун айрым маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоору 2026-жылдын 31 июлунан тартып 2026-жылдын 15 августуна чейин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында коомдук талкууга чыгарылды.

### 5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

### 6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылбайт.

Башчы Ф.А. Иминов